КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛУСУ
АК-ТАЛАА РАЙОНУ

ТОГОЛОК-МОЛДО АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТОГОЛОК-МОЛДИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Тоголок Молдо айыл аймагынын айылдык кенешинин кезексиз VII-сессиясынын

Т О К Т О М У

17 -июль 2026-жыл № 7/2 **Жаны-Талап айылы**

Тоголок Молдо айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу айылдарында 2026-жылга карата даярдалып жаткан долбоорлорду бекитүү, өздүк салымдарды кошуу жөнүндө

Тоголок-Молдо айыл аймагынан, Нарын Тенир-Тоо фондусуна “Ийгиликтүү аймак” муниципалдык ишканасына оор жүк ташуучу техника алуу (Sinotruk Howo) жана Тоголок-Молдо айыл аймагынын айылдарына 20(жыйырма) км аралыкты жарыктандыруу үчүн зарыл болгон күн чырактардын жабдууларын алуу үчүн долбоорлорду бекитүү жана өздүк салым кошуу боюнча айыл өкмөтүнүн инвестиция боюнча адиси Курманбек кызы Мээримдин биииилдирүүсүн угуп жана талкуулап Тоголок Молдо айылдык кенеши токтом кылат:

1. Тоголок-Молдо айыл аймагынан, Нарын Тенир-Тоо фондусуна “Ийгиликтүү аймак” муниципалдык ишканасына оор жүк ташуучу техника алуу (Sinotruk Howo) үчүн4млн 750(төрт миллион жети жүз элүү) мин сомдук даярдалган долбоор бекитилсин.
2. Бул долбоорго өздүк салым үчүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинин 950(тогуз жүз элүү)мин сом каралсын.
3. Нарын облусунун Тенир-Тоо фондусуна, Тоголок-Молдо айыл аймагынын айылдарына 20(жыйырма) км аралыкты жарыктандыруу үчүн зарыл болгон күн чырактардын жабдууларын алуу үчүн 21млн 720(жыйырма бир миллион, жети жүз жыйырма мин) сомдук даярдалган долбоор бекитилсин.
4. Долбоорлорду Нарын Тенир-Тоо фонддусуна тапшыруу жагы Тоголок-Молдо айыл аймагынын айыл өккмөтунун башчысы Ж.Калмуратовга милдеттендирилсин.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү айылдык кенештин бюджет,экономика, муниципалдык, менчик, инвестиция ишкердик жана ички экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрайым: **Г.Бегимкулова**